Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2022-жылдын III чейреги үчүн

# ОТЧЕТ


## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2022-жылдын III чейрегинде 98,1 пайызды түзүп, 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 0,7 пайызга азайган (2021-жылдын III чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 98,8 пайызды түзгөн).

**1-таблица.** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021-ж. III чейреги | 2022-ж. III чейреги | 2021-ж. III чейреги | 2022-ж. III чейреги | 2021-ж. III чейреги | 2022-ж. III чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **782 540,0** | **1 028 556,1** | **791 754,5** | 1 048 269,5 | 98,8 | 98,1 |
| Бишкек ш. | 428 894,0 | 581 089,8 | 426 013,5 | 584 964,2 | 100,7 | 99,3 |
| Ош ш. | 89 897,2 | 110 392,8 | 92 931,4 | 113 965,0 | 96,7 | 96,9 |
| Чүй областы | 48 409,1 | 75 531,5 | 48 467,4 | 75 424,6 | 99,9 | 100,1 |
| Ысык-Көл областы | 41 040,4 | 51 554,9 | 42 436,2 | 53 597,1 | 96,7 | 96,2 |
| Талас областы | 17 427,9 | 19 350,6 | 18 733,3 | 20 707,1 | 93,0 | 93,5 |
| Нарын областы | 15 896,8 | 20 682,4 | 16 676,2 | 21 806,5 | 95,3 | 94,9 |
| Ош областы | 29 457,1 | 37 547,7 | 29 459,3 | 37 481,7 | 100,0 | 100,2 |
| Жалал-Абад областы | 79 448,9 | 92 366,9 | 85 053,9 | 100 084,4 | 93,4 | 92,3 |
| Баткен областы | 32 068 ,6 | 40 039,5 | 31 983,3 | 40 239,1 | 100,3 | 99,5 |

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2021-жылдын III чейрегине салыштырганда 2022-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу төмөнкү региондордо өскөн:

- Чүй областы боюнча – 0,2 пайызга.
- Талас областы боюнча – 0,5 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 0,2 пайызга
- Ош областы боюнча – 0,2 пайызга;

2022-жылдын III чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Чүй областы боюнча катталып, ал 100,1 пайызды түзгөн, ошондой эле Ош областы боюнча – 100,2 пайыз катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Жалал- Абад областы боюнча белгиленген – 92,3 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 1 028 556,1 млн сомду түзүү менен 2021-жылдын III чейрегине салыштырганда 31,4 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 354 953,7 млн сомду түзүп, 0,9 пайызга азайган (2021-жылдын III чейрегинде – 358 141,3 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 43 896,4 млн сомду, көбөйүү 30,7 пайызды (2021-жылдын III чейрегинде – 33 574,5 млн сомду) түзгөн;


- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 227 181,5 млн сом, көбөйүү 55,9 пайыз (2021-жылдын III чейрегинде – 145 726,8 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 57 840,2 млн сомду, көбөйүү 28,2 пайызды (2021-жылдын III чейрегинде – 45 127,1 млн сом) түзгөн;


- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 91 024,2 млн сомду, көбөйүү 53,0 пайызды (2021-жылдын III чейрегинде – 59 499,2 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 102 282,9 млн сом, 1,4 эсеге көбөйгөн (2021-жылдын III чейрегинде – 42 351,3 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2021-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2022-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2022-жылдын III чейрегинде 1 048 269,5 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 32,4 пайызга көбөйгөн.

2022-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 357 591,5 млн сомду түзүп, 0,2 пайызга азайган (2021-жылдын III чейрегинде – 358 267,0 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 55 213,1 млн сомду түзүп, 93,6 пайызга көбөйгөн (2021-жылдын III чейрегинде – 28 523,1 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 274 741,6 млн сомду, көбөйүү 51,7 пайызды (2021-жылдын III чейрегинде – 181 109,5 млн сомду) түзгөн;


- локалдык акча которууларга төлөө – 48 502,0 млн сомду, көбөйүү 25,3 пайызды (2021-жылдын III чейрегинде – 38 718,0 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 9 367,6 млн сом, көбөйүү 49,5 пайыз (2021-жылдын III чейрегинде – 6 265,3 млн сом) чегинде белгиленген;


- чет өлкө валютасын сатып алуу – 150 259,7 млн сомду түзүп, 1,1 эсеге көбөйгөн (2021-жылдын III чейрегинде – 71 840,6 млн сом);

- эмгек акыны төлөө – 1 237,5 млн сом, көбөйүү 51,6 пайыз (2021-жылдын III чейрегинде – 816,1 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2021-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2022-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2022-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 62 627,9 млн сомду түзүү менен, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 6,5 пайызга көбөйгөн. Төлөмдөрдүн саны 2 309 044 төлөмдү түзгөн, бул 2021-жылдын III чейрегине салыштырганда 4,6 пайызга көбөйгөн.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2022-жылдын III чейрегинде 2 932 104,8 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2,1 эсеге көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 188 593 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 25,6 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2021-ж. III чейреги | 2 207 422 | 58 828,7 | 150 207 | 1 394 288,9 | 2 357 629 | 1 453 114,6 |
| 2022-ж. III чейреги | 2 309 044 | 62 627,9 | 188 593 | 2 932 104,8 | 2 497 637 | 2 994 732,7 |

### 2.3. Банктык төлөм карталар рыногу

#### 1) Банктык төлөм карталар эмиссиясы

2022-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр 21 коммерциялык банк тарабынан сунушталган, алардын ичинен эл аралык төлөм системасын 14 банк тейлеген.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 2022-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 4 660,9 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 33,1 пайызга өскөн.

Төлөм карталарынын түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

- **«Элкарт» улуттук системасы — 2 774 972 (59,5%):**
  - «Элкарт» — 2 772 427 (59,4%);
  - «Элкарт-UPI» — 2 545 (0,1%).
- **эл аралык системалар — 1 885 939 (40,5%):**
  - VISA — 1 704 069 (36,6%);
  - Master Card — 60 932 (1,3%);
  - «Золотая Корона» — 98 954 (2,1%);
  - Union Pay International — 21 984 (0,5%).

**3-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт -UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 804 564 | 1 961 | 18 920 | 1 205 130 | 35 698 | 25 895 | 2 092 168 | 44,9 |
| Чүй областы | 265 515 | 74 | 992 | 88 092 | 5 840 | 15 349 | 375 862 | 8,1 |
| Ысык-Көл областы | 232 012 | 58 | 871 | 74 209 | 2 700 | 6 439 | 316 289 | 6,8 |
| Нарын областы | 157 288 | 96 | 14 | 12 954 | 1 611 | 7 357 | 179 320 | 3,8 |
| Талас областы | 108 551 | 0 | 419 | 26 136 | 1 911 | 4 776 | 141 793 | 3,0 |
| Жалал-Абад областы | 471 591 | 98 | 198 | 117 375 | 5 763 | 17 165 | 612 190 | 13,1 |
| Ош областы | 509 622 | 218 | 506 | 143 592 | 6 006 | 13 107 | 673 051 | 14,4 |
| Баткен областы | 223 284 | 40 | 64 | 36 581 | 1 403 | 8 866 | 270 238 | 5,8 |
| **Жыйынтыгында** | **2 772 427** | **2 545** | **21 984** | **1 704 069** | **60 932** | **98 954** | **4 660 911** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. эң көп топтолгон деп мүнөздөлөт, ага ылайык, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу кыйла өнүккөн. Алсак, 2022-жылдын III чейреги ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш Бишкек шаары боюнча 50,5 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 2,8 пайыз чегинде катталган.

2022-жылдын III чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 49,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 35,3 пайызды түзгөн.

**График 6. Количество карт в обращении в разрезе по областям по состоянию на 01 октября 2022г.**






**График-7. Объем и количество операций с использованием карт в разрезе областей за III квартал 2022 года (тыс. сом)**




**2) Банктык төлөм карталар эквайринги**

Отчеттук жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карталар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм картасы республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 1 992 банкоматта (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 1 992 даанасы жабдылган, аудио (үн) менен коштолгон (операцияларды коштоо) 9 даана жана пандус орнотулган 1 003 даана (689 жабдууга пандус орнотуунун зарылдыгы жок, 300 жабдуунун пандусу жок)), 15 559 POS-терминалда (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 14 849 даанасы жана байланышсыз төлөм функциясы менен 11 845 даанасы жабдылган) тейлөөгө алынган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 6,0 пайызды түзгөн же 113 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар 24,7 пайызга же 3 079 POS-терминалга көп.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эл аралык эсептешүүлөр төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары – 794 банкомат жана 7 655 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы – 245 банкомат жана 1 469 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 395 банкомат жана 2 640 POS-терминал.

**4-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 755 | 9079 | 749 | 621 |
| Чүй областы | 201 | 1167 | 231 | 218 |
| Ысык-Көл областы | 190 | 916 | 240 | 292 |
| Нарын областы | 82 | 166 | 153 | 114 |
| Талас областы | 76 | 236 | 96 | 130 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад областы | 256 | 512 | 347 | 328 |
| Ош областы | 322 | 897 | 460 | 443 |
| Баткен областы | 110 | 142 | 168 | 155 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 992** | **13 115** | **2 444** | **2 301** |

**3) Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча карталарды колдонуу менен 31,9 млн транзакция 135,9 млрд сом жалпы суммасында өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 46,5 жана 36,0 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 112,5 млрд сом жалпы суммасында 17,4 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 30,0 пайызга, көлөмү 26,1 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 23,4 млрд сом жалпы суммасында 14,4 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 73,1 пайызга, ал эми көлөмү 2,2 эсе көбөйгөн.

**2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.


2022-жылдын III чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валютанын 12 түрү боюнча өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 1 362,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 1,8 эсеге көбөйгөн.


Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 1 587,6 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 1,9 эсеге көбөйгөн.

**2.5. Акча которуулар**

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2022-жылдын III чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 69,9 млрд сом жалпы суммасында 2 906,6 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 12,8 пайызга азайган, ал эми көлөмү 0,7 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 33,9 млрд сом жалпы суммасында 225,7 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 3,9 пайызга азайган, көлөмү 2,2 эсеге көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 30,5 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 80,8 пайызы туура келген.




2022-жылдын III чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан финансылык которууларды камсыз кылуу бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2022-жылдын III чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 117,0 млн АКШ доллары суммасында 254,3 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,2 жана 48,6 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 363,1 млн АКШ доллары суммасында 135,3 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 15,0 пайызга көбөйгөн, көлөмү 2,9 эсеге көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 12,2 миң кирген которуулар 5,3 млн евро жалпы суммасында өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 55,2 жана 42,9 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 0,3 миң транзакцияны түзүү менен 0,3 млн евро жалпы суммасында жүргүзүлгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 82,2жана 84,8пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 2 640,1 миң кирген которуу 43 962,4 млн рубль суммасында өткөрүлгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 11,5 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 3,7 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 88,5 миң транзакция 3 127,5 млн рубль суммасында ишке ашырылган, мындан өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 22,8 жана 25,7 пайызга көбөйгөн .

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2022-жылдын III чейрегинде чыккан которуулар 272,8 млн теңге жалпы суммасында 1,6 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,3 жана 1,8 эсеге көбөйгөн.Кирген которуулар казак теңгесинде болгон эмес.

**5-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2021-ж. III ч. | | 2022-ж. III ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 1708,4 | 26890,2 | 61,9 | 2061,5 |
| | Чыккан | 8,3 | 637,8 | 11,2 | 1106,4 |
| Contact | Кирген | 77,5 | 4178,6 | 18,3 | 636,1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Чыккан | 14,4 | 1128,8 | 9,3 | 670,6 |
| Money Gram | Кирген | 30,9 | 1683,5 | 34,6 | 1656,3 |
| | Чыккан | 1,3 | 109,6 | 3,4 | 838,3 |
| Юнистрим | Кирген | 34,4 | 1722,8 | 47,5 | 2059,7 |
| | Чыккан | 1,4 | 234,6 | 1,3 | 405,2 |
| Золотая Корона | Кирген | 1475,7 | 34670,6 | 2723,6 | 62747,1 |
| | Чыккан | 209,2 | 13443,6 | 190,1 | 25370,4 |
| RIA | Кирген | 7,1 | 309,8 | 14,9 | 550,4 |
| | Чыккан | 0,2 | 10,9 | 0,5 | 31,5 |
| UPT | Кирген | 0,1 | 4,0 | 5,8 | 197,9 |
| | Чыккан | 0,01 | 1,5 | 9,88 | 5525,9 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | 3334,0 | 69459,5 | 2906,6 | 69909,0 |
| | **Чыккан** | 234,9 | 15566,7 | 225,7 | 33948,3 |

### 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2022-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 22 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 21 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 22 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2022-жылдын III чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу жалпы 49,1 млрд сом суммасындагы 46,7 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү банк эсебин толуктоого туура келген – 14,7 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 29,5 пайыз), бул төлөмдөрдүн саны 3,6 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,7 пайызы) түзгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына туура келген төлөмдөрдүн көлөмү – 9,2 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 18,7 пайыз), бул төлөмдөрдүн саны 29,6 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 63,2 пайызы) түзгөн.

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1,5 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,1 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 3,0 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,3 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 6,7 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 13,8 пайыз), бул толуктоонун саны 3,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,7 пайызы) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 29 571 343 | 63,25 | 9 199 637,0 | 18,74 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 37 876 | 0,081 | 9 642,2 | 0,02 |
| 3 | Интернет | 619 596 | 1,33 | 547 767,7 | 1,12 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 692 901 | 5,76 | 1 300 196,2 | 2,65 |
| 5 | Салык жыйымдары | 68 884 | 0,15 | 79 365,0 | 0,16 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 101 488 | 0,22 | 58 760,8 | 0,12 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 100 184 | 0,21 | 85 606,5 | 0,17 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 3 626 093 | 7,76 | 14 702 874,1 | 29,95 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 578 452 | 1,24 | 2 326 685,5 | 4,74 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 2 134 602 | 4,57 | 9 969 931,9 | 20,31 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 3 107 886 | 6,65 | 6 767 858,0 | 13,78 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 118 206 | 0,25 | 218 299,4 | 0,44 |
| 13 | Социалдык тармактар | 26 801 | 0,06 | 16 466,3 | 0,03 |
| 14 | Интернет оюндары | 23 484 | 0,05 | 9 698,8 | 0,02 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 2 046 | 0,004 | 2 622,2 | 0,01 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 859 137 | 3,98 | 293 771,3 | 0,60 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 66 283 | 0,14 | 30 438,0 | 0,06 |
| 18 | Кулактандыруулар | 35 413 | 0,076 | 21 121,4 | 0,04 |
| 19 | Кайрымдуулук | 4 131 | 0,009 | 2 285,1 | 0,005 |
| 20 | Билим берүү | 58 754 | 0,13 | 83 615,4 | 0,17 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 6 448 | 0,014 | 34 827,8 | 0,07 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 1 909 715 | 4,08 | 3 337 864,0 | 6,80 |
| **2022-жылдын II чейрегинин жыйынтыгында** | | **46 749 723** | **100,00** | **49 099 334,6** | **100,00** |

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2022-жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,21 эсе көбөйүп, 10 466 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2022-жылдын III чейрегинин акырына карата 6 (алты) коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча 9 локалдык система иш алып барган. Алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук







акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) жана дагы бир система 2021-жылдын III чейрегинен тартып атайын жөнгө салуучу режимде ишин жүргүзгөн.





Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү менен ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 5,4 млн капчыкты түзүү менен, 6,9 пайызга көбөйүшү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине

салыштырганда көрсөткүч 22,2 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 1,8 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 33,5 пайызын) түзгөн.

2021-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

**13-график.** Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү




- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 64,4 пайызга көбөйүп, 5,5 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 1,5 млн операцияны түзүү менен 35,2 пайызга көбөйдү;
- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 44,4 пайызга азайып, 4,7 млрд жакын сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 46,6 пайызга азайып, 1,0 млн жакын операцияны түзгөн;
- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 83,7 пайызга көбөйүп, 5,2 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 25,1 пайызга көбөйүп 3,8 млн операция чегинде катталган;
- электрондук капчыкты толтуруу жолу менен электрондук акчаларды таратуу боюнча операциялардын көлөмү 24,9 пайызга азайып, 8,4 млрд сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 14,5 пайызга көбөйүп, 2,2 млн операцияны түзгөн.

### 2.8. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан накталай акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2022-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 124 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 37 агентке же 42,5 пайызга көбөйгөн. Бир нече банк тарабынан 86 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган 2 449 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин 1 364 агентке же 2,3 эсеге көбөйгөн.

## 3. Методологиялык иш

<u>Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында төмөнкү токтомдорду кабыл алды:</u>

1. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2022-жылдын 27-июлундагы № 2022-П-14/47-7-(ПС), ага ылайык төмөнкүлөргө өзгөртүүлөр киргизилген:
   - 2015-жылдын 9-декабрындагы № 76/8 «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобого;
   - 2010-жылдын 26-майындагы № 36/7 «Банктык чекене кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча агенттик келишимдерди түзүүдө коммерциялык банктардын ишине карата коюлуучу негизги талаптар жөнүндө» жобого.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 27-июлундагы № 2022-П-14/47-6-(ПС) токтому менен жана 2022-жылдын 29-

августунда Улуттук банк Башкармасынын № 2022-П-14/54-5-(ПС) токтому менен Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилди;

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 24-августундагы № 2022-П-14/53-4-(ПС) токтому менен Улуттук банктын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген.
4. 2022-жылдын 29-августунда № 2022-П-14/54-5-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-3-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому.

Коомдук талкууга төмөнкү ченемдик укуктук актылары да сунушталган:

1. «Төлөм системаларынын операторлорунун/төлөм уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө» токтом долбоору.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 22/3 «Кыргыз Республикасында обочо туруп/аралыктан тейлөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтом долбоору.
3. «Виртуалдык активдерге байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтом долбоору.
4. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун долбоору иштелип чыккан жана коомдук талкууга коюлган.

*Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировкаланышы мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.*